КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ жана ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.АРАБАЕВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

К.КАРАСАЕВ атындагы
БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 10. 19. 594 Диссертациялык кеңеш

Кол жазма укугунда
УДК 494.3-3:413.1

СЕМИЗ КЕНАН

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛИНДЕГИ ДЫЙКАНЧЫЛЫК ЛЕКСИКАСЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

10.02.06 – түрк тилдери

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2019

Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчи: Карымшакова Айша Талгаровна - филология илимдеринин кандидаты, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын доценти

Расмий оппоненттер: Сагынбаева Бурул - филология илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Түркология бөлүмүнүн башчысы

Карыбекова Майрамкүл – филология илимдеринин кандидаты, Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы

Жетектөөчү мекеме: К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы. Дареги: 722200, Каракол шаары, Ж.Абдрахманов көчөсү, 103.

Диссертациялык иш 2020-жылдын 31-январында саат 14:00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., И.Раззаков, көчөсү, 51А. http: www.arabaev.kg

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И.Раззаков, көчөсү, 51А) жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин (720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов проспектиси, 27) илимий китепканаларынан таанышууга болот.

Автореферат 2019-жылдын 30-декабрында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, филология
илимдеринин кандидаты, доцент Каратаева С.К.

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Изилдөө темасынын актуалдуулугу. Дыйканчылык - бул адамзат ишмердүүлүгүнүн эң байыркы жана эң маанилүү бөлүгү экендиги белгилүү. Дыйканчылык маданиятынын өнүгүшү материалдык жана эс-тутумдук элементтер менен тыгыз байланышып, элдин үрп-адатына, бай фольклоруна, диний ишенимдерине багытталган. Дыйканчылык лексикасы дыйканчылыктын өсүп-өнүгүшүн, калыптанышын таанытуу менен тилдин тарыхын билүүгө, маданий-тарыхый маселелерди чечүүдө маанилүү орунду ээлейт.

Адам баласынын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири - жашоосун улантуу, башкача айтканда, өмүр сүрүү болуп эсептелет. Жашоону улантуу - азык-түлүктү табуу, аны өндүрүү, иштетүү, өндүрүлгөн продукцияны башка продукция менен алмаштыруу сыяктуу иш-аракеттер тыгыз байланышкан. Айрыкча, күнүмдүк керектелүүчү тамак-ашты камсыз кылуу орчундуу маселелерден болгон. Убакыттын өтүшү менен азык-түлүктү пропорцияналдуу камсыз кылуу табигый көрүнүш катары келечектеги татаал экономикалык жашоого жол ачкан.

Ушул күнгө чейин кыргыз жана түрк тилиндериндеги тарыхый өнүгүүнүн маанилүү катмары катары дыйканчылык лексикасынын атайын изилдөөгө алынбагандыгын, алардын аталыштарын топтоо, тактоо, классификациялоо, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо багытында изилдөө жүргүзүлбөгөндүгүн көрсөтүүгө болот. Дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдү системалык түрдө изилдөө тарыхый-лексикалык, тектештирме багытта жүргүзүлсө, ошондой эле тарыхый-маданий өнүгүүнүн белгиси катары аныкталса, тилдердин өз ара байланышына сөзсүз таасирин тийгизет. Анткени эки тектеш тилди салыштырып изилдөөдө окшоштуктар жана айырмачылыктар кездешкенин байкайбыз. Түркия Кыргызстанга салыштырмалуу территориялык жактан Европага чектеш болуп субтропикалык алкакта жайгашкандыктан, тропиктик өсүмдүктөр, мөмө-жемиштери, маданий өсүмдүктөрү менен айырмаланат.

Кесипчиликтин бир тармагы болгон дыйканчылыкка байланыштуу лексика лингвистикалык өңүттөн кыргыз жана түрк тил илиминде ушул мезгилге чейин изилдөөнүн объектисине айланбагандыгы жана тектештирме, салыштырма-тарыхый планда иликтенбегендиги, ушул кесиптин чөйрөсүндө гана жашап, адабий тилибизде белгисиз болуп келген дыйканчылыкка тиешелүү атоолордун семантикасын ачып берүү илимий иштин **актуалдуулугу** болуп эсептелет.

Диссертациянын илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана

түрк тилдеринин теориясы кафедрасында изденүүчүнүн жеке демилгеси менен тандалып аткарылды.

Изилдөөнүн объектиси - кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексика.

Изилдөөнүн предмети - кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Диссертациялык иликтөөнүн негизги максаты кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканын бири-бирине болгон окшоштук, өзгөчөлүк маселесин лингвистикалык өңүттөн ачып берүү. Ушул максатты чечүүдө төмөнкүдөй милдеттерди коёбуз:

1) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканы жыйноо жана иретке келтирүү;

2) Иликтөөгө алынып жаткан сөздөрдү лексика-семантикалык топторго жана топчолорго бөлүү;

3) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн атоолорунун лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

4) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу айрым сөздөрдүн чыгыш тегин факты-материалдардын жардамы аркылуу аныктоо;

5) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуу, жасалуу жолдоруна анализ жасоо;

6) Иликтөөгө алынып жаткан эки тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн бири-бирине окшоштук, өзгөчөлүк маселесин ачып берүү.

Илимий изилдөөнүн жаңылыгы кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык кесибине байланыштуу сөздөр биринчи жолу эки тилде тең атайын тематикалык изилдөөгө алынгандыгында. Ошондой эле семантикалык топторго бөлүнүп, маанисине карата майда топчолорго алынып, андагы алынган сөздөр эки тилдеги окшоштук, өзгөчөлүк процесстери фоно-морфологиялык, лексика-семантикалык анализдер аркылуу ишке ашырылышында. Муну менен бирге айрым сөздөрдүн чыгыш тегинин иликтениши менен эки тилдин тектештик маселесинин чечилиши илимий иштин жаңылыгы болуп эсептелет.

Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси. Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын толук курамы илимий айлампага киргизилди. Бул кыргыз жана түрк тилинде тармактык термин системасын так аныктоого, ушул кесип боюнча котормо жана түшүндүрмө сөздүктөрдү түзүүдө чоң көмөк көрсөтөт. Ал эми изилдөөнүн илимий натыйжаларын тарыхый лексикология, салыштырма-тарыхый лексикология, диалектология боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, филологиялык билим берүү багытындагы жогорку окуу жайларында лексикология,

салыштырма-тарыхый грамматика жана тандоо курстарын окутууда колдонсо болот ж.б. Ошондой эле ар түрдүү долбоорлорду ишке ашырууда, иш кагаздары, келишимдер жана тажрыйба алмашуу үчүн маанилүү болуп саналат.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. Кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасы аталган тилдердин тарыхый өнүгүүсү менен канаатташ жана номинативдик тутумдун негизин түзгөн подсистема;

2. Кыргыз жана түрк тилдеринин сөздүк курамында дыйканчылык аталыштары когнитивдик концепция болуу менен аталган тилдердин агромаданий лексикалык корун жаратуучу грамматикалык система;

3. Агроменталдуулуктун жана номинативдик лингвистиканын кыргыз жана түрк элдеринин этникалык калыптануусундагы ордун чагылдыруу менен биргеликте дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр түрк тилдериндеги альтернативдүү сөз жасоо тармагы болуп саналат;

4. Дыйканчылык лексикасындагы агглютинация жана сөз курамынын дифференция-интегралдык функциясы семантикалык мыйзам-ченемдин чегинде ишке ашырылат;

5. Түркия мамлекети географиялык жактан субтропиктик алкакта жайгашкандыктан, түрк дыйканчылык лексикасында субтропикалык өсүмдүктөрдүн жана аларды өндүрүүгө байланыштуу лексиканын типологиялык эволюциясын аныктоого болот;

6. Агглютинациялык универсалиялардын пайда болуусу географиялык ареал менен тыгыз байланышта жана аталган тилдердин геомейкиндиктеги таралуусу полисемиянын уникалдуу өнүгүүсүн шарттаган.

Изилдөөчүнүн жеке салымы:

1. Кыргыз, түрк тилинин дыйканчылык кесибине байланыштуу сөздөрдү тарыхый жана тектештирме планда изилдөөдө бардык лингвистикалык ресурстар пайдаланылды.

2. Ар бир сөздүн мааниси, маңызы бир нече сөздүктөр аркылуу такталып, мисалдары түрдүү эмгектерден, сөздүктөрдөн, газета-журналдардан, көркөм чыгармалардан жана оозеки кептик сурамжылоолордон алынды.

3. Сөздөрдүн маанилерин тактоодо жеке эле кыргыз жана түрк тилинин илимий булактары эмес, байыркы түрк жазма эстеликтеринин материалдары, тектеш, тектеш эмес тилдердеги фундаменталдуу эмгектер пайдаланылды.

Иштин апробацияланышы. Иш К.Карасаев ат. БМУнун кыргыз жана түрк тилдери теориясы кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунуш кылынган. Диссертациянын негизги мазмуну боюнча илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы. Коргоого коюлган илимий теориялык жоболор, практикалык сунуштар жана темага тиешелүү

маселелердин айрымдары КР ЖАКы сунуштаган илимий журналдарда 4 макалада, чет элдик индекстелген (РИНЦ) илимий басылмада 2 макала жарык көрдү.

Диссертациялык иштин курамы. Диссертациялык иш киришүү, үч бап, корутунду, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү – 181 бет.

ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө илимий иштин актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жана практикалык баалуулугу, коргоого коюлучу негизги жоболор, диссертациялык иштин илимий жаңылыгы, изилдөөчүнүн кошкон жеке салымы, илимий иштин жыйынтыктарынын апробацияланышы, диссертациялык иштин түзүлүшү сыяктуу салттуу маалыматтар берилген.

I БАП. Кесиптик лексиканын изилдениш тарыхына сереп. Бул бапта кесиптик лексиканын анын ичинде дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн изилдениш тарыхына сереп салынып, анын жалпы тил илиминде жана түркологияда изилдениши каралат.

Сөздүк курамдын байлыгы тигил же бул элдин дүйнөлүк байланышка кошкон салымын чагылдырган баа жеткис нарк-дөөлөтү жана маалыматтар базасы экендиги белгилүү. Мындай нарк-дөөлөттөр эмгектин ар түрдүү формалары, анын коомдогу бөлүнүшү, өндүрүштүк мамилелердин калыптанышы, кесиптин түрлөрү, илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү аркылуу майданга келип, тилдин лексикалык базасынан орун табары бышык. Демек бул жагынан алганда кесиптик лексиканы изилдөө түрк тил таанымындагы өзөктүү маселе экендиги талашсыз. Чынында кесиптик лексиканы изилдөө теориялык жактан да, практикалык жактан да олуттуу маниге ээ, анткени мындай изилдөөлөр аркылуу кесиптик терминдердин курамы аныкталып, алардын келип чыгышы, калыптанышы жана сөз жасоо моделдери такталып, жоголууга кириптер болгон улуттук өзгөчөлүктөрү калыбына келтирилип, түрк элдеринин башка тайпалар менен болгон тилдик байланыштарын чагылдырган төл жана кабыл алынган сөздөрдүн тарыхый катмарлары аныкталат.

Кесиптик лексиканы жыйнап, иликтөө жана изилдөө иштери Россияда XVIII кылымда башталган. Буга В.Бурнашевдин эки томдук терминологиялык сөздүгүн, В.И.Далдын төрт томдук түшүндүрмө сөздүктөрүн көрсөтүүгө болот.

Ал эми топтолгон материалдарга лингвистикалык жактан иликтөө жүргүзүү өткөн кылымдын элүүнчү жана алтымышынчы жылдарына таандык (Толыкина, 1954; Литвинов, 1955; Косольский, 1951; Трубачев, 1963;). Андагы козголгон маселелер келечекте жалпы тил илиминин теориялык жана практикалык жактан өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

Түрк тилдеринде кесиптик лексиканы изилдөө биринчилерден болуп өзбек тилчиси С.Ибрагимовдун илимий эмгектеринен башталат (Ибрагимов, 1949; 1950; 1959;1961;). Анын соңунан айрым түрк тилдериндеги кесиптик лексикага байланыштуу бир нече илимий эмгектер жарык көрөт (Маматов, 1955; Дадаханова, 1963; Баратов, 1971; Оторов, 1974; Рахимова, 1983; Дүйшөналиева, 1969; Назаралиев, 1971; Биялиев, 1972; Юсупова 1975; Абдувалиев 1982; Усмамбетов 2000). Аталган окумуштуулардын эмгектериндеги жыйналган факты-материалдар жана лингвистикалык иликтөөлөр кесиптик лексиканын теориялык жана практикалык маселелеринин чечилишине чоң өбөлгө түздү. Бирок ошентсе да кеп болуп жаткан маселе боюнча тереңдетип иликтөөнү, тактоону талап кылган проблемалар да жок эмес.

Кыргыз тилинде дыйканчылык лексикасы боюнча айрым диалектологиялык эмгектерде сөз болуп келгендиги белгилүү. Бул боюнча белгилүү окумуштуу Г.Бакинованын Ош говору боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрүндө жергиликтүү өзгөчөлүк катары дыйканчылыкка байланыштуу бир нече сөздөрдү каттап өткөндүгүн көрөбүз: *дәәнә* - суунун кулагы; *катек* - пахтанын катары; *кәрта* - пахтанын аянты; *козо, гозо, косек, козек* - пахта өсүмдүгүнүн өзөгү; *козопая* - пахтаны терип алгандан кийин калган сөңгөгү; *көрәк* - пахтанын гүл ачпай калган коробочкасы ж. б. [Бакинова 1956, 91-92]. Дагы бир белгилүү диалектолог Ж.Жумалиев Анжияндык кыргыздардын тили боюнча жазылган монографиясында дыйканчылыкка байланыштуу кесиптик сөздөргө токтолуп, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн жана алардын чыгыш тегин ачып берген [Жумалиев, 1983; 1991]. Ал эми Э.Хурибаева кандидаттык диссертациясында дыйканчылык кесибинин бир тармагы болгон пахтачылыкка байланыштуу лексиканы изилдеген. Бул изилдөөдө пахтачылыкта колдонулган аталыштар менен катар жалпы эле дыйканчылыкта колдонулган сөздөр да каралган. Муну менен катар Э.Хурибаева улам пассивдешип бараткан айыл-чарба жана багбанчылык аталыштарына көңүл буруп, унутта калып бараткан сөздөргө кайрылган [Хурибаева, 2016].

Түрк тил илиминде Бүлент Гүл “Eski Türk Tarım Terimleri” («Байыркы түрк айыл чарба терминдери”) деген илимий изилдөөсүндө түрк элдерин байыркы эл катары таанытып, мурдатан дыйканчылык менен алектенген деп белгилейт. Байыркы түрк элдеринин дыйканчылык менен болгон мамилесин ошол доордогу коңшу жашаган элдердин жазып калтырган маалыматтарынан билүүгө болот [Gül, 2004].

Кожа Селимдин “Eski Türklerde Sosyal ve Ekonomik Hayat” (“Байыркы түрк элдеринин социалдык жана экономикалык жашоосу”) аттуу эмгегинде дыйканчылыкка байланыштуу кээ бир атоолорго токтолуп өткөн [Koca, 2002]. Эрен Хасан “Türklerde Ekinciliğin Gelişmesine Katkılar” (“Түрк элдериндеги

дыйканчылыктын өнүгүүсүнө салым”) деген эмгегинде дыйканчылыктагы кээ бир атоолордун этимологиясына кайрылган. Зия Гөкалп “Түрк маданиятынын тарыхы” [Гөкалп, 1926] аттуу эмгегинде дыйканчылыкка байланыштуу бир топ маалымат берип өткөн. Эмгектин “Ислам динине чейинки түрк экономикасы“ аттуу бешинчи бөлүмүндө эски түрктөр тууралуу төмөндөгү маалыматтарды берген: “... Эски түрктөр көчмөн турмушта жашаганы менен, ар биринин өзүнө тиешелүү жер тилкелери болгон. ... түрктөр мурдатан эле арпа, буудай, күрүч, таруу, жүгөрү эгишкен. Жүзүм, алма, тыт тигишкен. Жер тилкелерин сугаруу үчүн канчалаган арыктарды казышкан. ... Эски түрктөр дыйканчылык кылууга мажбур болушчу. Себеби нан бышырыш үчүн буудайга, малга жем кылуу үчүн арпа менен жүгөрүгө, кымызга кошуп “тарасун” деген ичимдик жасоо үчүн тарууга муктаж эле. Мөмөлөрдү жакшы көрүшкөндүктөн, алма, өрүк, жүзүм, тыт өстүрүшкөн”- деп берет [Eren, 1979]. Ошондой эле тилдик багытта болбосо да тарыхый, экономикалык жана агрардык багыттагы Расони Лазо, Чичек Кемал, Өзгүденли Осман Гази, Кужур Сади, Өзтүрк Мурат, Гүран Тевфиктин эмгектерин белгилей кетсек. Булардын эмгектери лингвистикалык өңүткө багытталбаса да, эмгек процесстерине байланышкан сөздөрдү, түшүнүктөрдү табууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз жана түрк тилинин лексикологиясында бул темага байланыштуу атайын изилдөөлөр жүргүзүлбөсө да, жергиликтүү тилдик өзгөчөлүктөрдү чагылдырган эмгектердеги маалыматтар аз болсо да айрым сөздөрдү иликтөөгө жардам берет.

Диссертациялык иштин **“Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү”** аттуу экинчи бабы тогуз параграфтан туруп, кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасынын лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү изилденди.

Изилдөөнүн материалдары жана методдору. Изилдөөдө кыргыз жана түрк тилинин иллюстрациялык материалдарына карата анализ синтездик, салыштырма тарыхый, лингвистикалык сыпаттоо методдору колдонулду. Дыйканчылык лексикасына тиешелүү материалдар (мисалдар) эки тилдеги ар түрдүү көркөм чыгармалардан, сөздүктөрдөн жана оозеки кептен алынды.

Изилдөөнүн илимий-теориялык жана методологиялык базасын жалпы тил илиминдеги жана түркология жаатындагы окумуштуулар – Е.Н. Толыкина, О.Н. Трубачев, М.И. Литвинов, С. Ибрагимов, Г. Дадаханова, Ш. Баратов, И. Оторов, Р.К. Рахимова, А.А. Жаппуев, Б. Орузбаева, Т. Дүйшөналиева, Т. Назаралиев, А. Биялиев, Г. Бакинова, Ж. Жумалиев, И. Абдувалиев, Б. Усмамбетов, Э. Хурибаеванын эмгектери, ал эми түрк илимпоздорунан Бүлент Гүл, Кожа Селим, Эрен Хасандын изилдөөлөрү түздү.

Дыйканчылыкка байланыштуу өсүмдүктөрүнүн аталыштары. Дыйкандар эгин талааларында өсүмдүктөрдүн ар кандай түрлөрүн өстүрүшөт жана ошого карата аталыштарга ээ. Мисалы: ***арпа – arpa, буудай – bugdai, жүгөрү – misir, таруу – daru, бадыраң – hiyar, ашкабак – kabak, баклажан – patlicani, бадам – badam, пахта – pamuk, тамеки – tutun, зыгыр – keten, нокот – nuxud, күн карама – gakirda, дарбы з– karpuz, коон – kavun, помидор – tomates*** ж.б. Булардын ар биринин өзгөчөлүгүнө байланыштуу өзүнчө аталыштарга ээ. ***Арпа*** -1. Кылкандуу дан өсүмдүгүнүн бир түрү. *Айдаганы дыйкандын, Арпа менен ак буудай* (Тоголок Молдо). 2. Ушул өсүмдүктүн даны. *Аттары асман тиктеген, Арпасын жара тиштеген* (Тоголок Молдо) [КТТС, 1:127]. Бул эгин буудай сымал болуп, сортуна жараша ун жасала турган арпа, тоют боло турган арпа болуп бөлүнөт. Тоют катары колдонулган арпалар көбүнчө койлорго жана жылкыларга берилет. Ошондой эле арпаны кууруп, тамак жасап, кыргыз элине белгилүү улуттук суусундук максым жасалат. Ал өзгөчө даарылык касиетке ээ суусундук болуп саналат. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө ***арпа*** - ячмень; ***олоң арпа, жарым арпа*** - названия сортов ячменя; ***арпа жеген ат ойнойт*** *погов*. конь который есть ячмень, играет; ***арпа баш*** -колос ячменя; өтмө мааниде ***сенин арпаңды ким чийки орду?*** что ты так взбеленился? (*букв*. кто твой ячмень незрелым сжал?) маанилерде берилген [Юдахин, 1:69]. Түрк тилинде да кыргыз тилиндегидей ***арпа - arpa*** деп аталат [РТС, 1022]. Эски жана бүгүнкү түрк тилдеринин диалектилеринде ***arpa, arpacık, arpağan*** деген формалары колдонулуп, бардыгы арпа деген маанини туюндурат [Türk Dilinin Etimolojik Sözlüğü, 1999:49]. Мисалы: ***Arpa eken buğday biçmez*** *(арпа эккен буудай орбойт)*[Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 1: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Буудай - 1. Данынан ун тартылып, нан жасалуучу дан өсүмдүгү. *Камыш сыяктуу бийик чыккан буудай өсүмдүгү жаңыдан дүмбүл тартып саргая баштаган* (Сыдыкбеков). 2. Ушул өсүмдүктүн даны. *Ак буудайы жууп койгон күрүчтөй* (Маликов) [КТТС, 1:308]. Көпчүлүк түрк тилдеринде *бугдай* түрүндө айтылган сөз кыргыз тилинде *буудай*, өзбек тилинин диалектилеринде *бугдаг,* хакас тилинде *пугьдай*, тува жана алтай тилдеринде *буудай*, уйгур тилинде *бугьдай*, түркмөн тилинде *бугдай*, ногой тилинде *бийдай* ж.б. Байыркы түрк тилдеринде *будгьай* “пшеница”, ал эмес монгол тилдеринде дагы орун алат: монгол тилинде *буудай* “пшеница”, бурят тилинде *будаан* “ячмень”, ороч тилинде *буда* “пшено”. Э.Севортян бул сөздү кытай тилинен кабыл алынган деп эсептейт. К.Сейдакматов аталган сөздүн тегин башкача чечмелейт: “Өзбек тилинин диалектисиндеги *бугдаг* түрү эң алгачкы калыбына жакыны дешке болот. Анткени бул сөз *буг* же *бугу* “буу, байла” этишинен жана -*дак* мүчөсүнөн турат. *Буг*//*бугу* этиши азыркы *буу* этишинин маанисинде болгон, ага зат атооч жасоочу -*дак* мүчөсү жалганган.

Азыркы *куурдак, шырдак* сөздөрү *куур, шыры* деген этиштерге *-дак* мүчөсү уланып жасалган сыяктуу эле *бугдак//бугудак* сөзү данынын сыртын каптап турган көйнөкчөсү бардыгы үчүн ушундай аталган. Буудай арпа сыяктанып даны башында ачык турбастан, сыртынан кабыкча менен жабылып турат. Мына ушул өзгөчөлүгүнө жараша ал *бугдак* "буулма дандуу эгин" деген атка конгон [Сейдакматов 2004, 37]. Кийин *бугдак* кыргыз тилинин фонетикалык закон ченемдүүлүгүнө ылайык *бугдай > буудай* болуп өзгөрүп кеткен". Биз дагы ушул К.Сейдакматовдун пикирине кошулуу менен, буудай сөзүнүн теги байыркы түрк тилдеринин негизинде эле пайда болгонун белгилейбиз: *буг//буу + дак.* Ал эми Махмуд Кашкаринин сөздүгүнөн *ашлық* формасында кездешет (Махмуд Кашкари 2011, 235). К.К.Юдахин мындай маанилерин берген: ***буудай*** -пшеница; өтмө мааниде: ***буудайдын барар жери тегирмен*** *погов.* место, куда отправится пшеница, -мельница (*напр. девушке суждено выйти замуж)*; буудайдын сорттору: ***кара буудай*** -рожь; ***уу буудай*** -плевел; буудай баш/буудайык, ***ак буудайдын унун чайна*** -жевать муку или зерно белой пшеницы ж.б. [Юдахин, 1:163]. Түрк тилинде да кыргыз тилиндегидей буудай сөзү катышкан сөз тизмектери бар: *buğday (буудай), yazlık buğday (жазгы буудай), kışlık buğday (кышкы буудай), buğday unu (буудай уну), buğday ekmeği (буудай наны)* [РТС, 744]. Буудай сөзүнүн түрк тилдерине тиешелүү экендиги бардыгы түрк тилдеринде бирдей аталышка ээ болгондугу менен далилденет. Эски түрк адабияттарында да ***buğday*** формасында колдонулган. Түрк тилдеринен башка тилдерге тарагандыгы жөнүндө Егоров, Эрен, Рассанен, Менгес, Лигети сыяктуу окумуштуулар тастыкташат [Egorov: Ěs 148; Eren: TDAY 1972:251; Räsänen: V86a; Menges: The İgor'Tale 48; Joki: LwSS 106-108; Ligeti: AOH4:130; Clouson: ED 312-131, Sevortyan: ĚSTJa 1978, 232-235]. Түрк тилинин диалектилеринде болсо сортуна жараша *ак буудай, кара буудай, ири буудай* деп айтылат: *Buğdayım var deme ambara girmeyince, oğlum var deme yoksulluğa ermeyince (düşmeyince) (буудайым бар дебе кампага кирмейинче, уулум бар дебе жокчулук башка түшмөйүнчө)* [Atasözleri ve Deyimler Sözlüğü 1: Atasözleri Sözlüğü, Ö. Asım Aksoy. 3.bs. Türk Dil Kurumu, 1981].

Дыйканчылыкка байланыштуу өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүнүн аталыштары. Дээрлик бардык эле эгиндер убагы келгенде жетилип, андан жалбырак, гүл чыгарардан мурда ***бүртүк*** байлайт**.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө жана кыргыз адабий тилинде *бүрчүк, бүчүр, бүр* деген варианттары да кездешет. *Бүрчүк байлап бүр ачты, кыркылган токой далай чер* (Кыргызстандын эл акындары) [КТТС: 130]. Ал эми К.К.Юдахиндин сөздүгүндө: *бүртүк* коночек; зерно; *бир бүртүк буудай* одно зерно пшеницы; *бир нече бүртүк жаш* несколько слезинок. *Бүр-* молодые листочки; *бүр байла-* покрыватся молодой листвой; *ак тикен чыгат бүр байлап, айылда жүрдүк бир жайлап. фольк.* Кузиния в сходит, покрываясь

листочками, в одном ауле (с ней) мы вместе летовали. *Бүрчүк*. *Бүрчүгүнө да тең келбейт*. Он ему в подметки не годится [Юдахин, 1: 168-169] деп берилген.

Ал эми түрк тилинде болсо *1. Tane; tohum - bir buğday tanesi; kenevir tohumu; kahve çekirdekleri; 2. Tahıl; hububat; 3. Çekirdek; nüve; zerre* деген маанилерде колдонулат. Түрк тилине бул атоо фарс тилинин ***tuxm, tohm*** сөздөрүнөн алынып, бир кишинин тукумун улантуу же ошол кишинин династиясы дегенди билдирет. Эски фарсчада **tauma** деген варианты да кездешет, ал үй-бүлө, уруу дегенди билдирген [www.etimolojitürkce.com]. Түрк тилиндеги айырмасы катары ар бир өсүмдүктүн бүрүн ар кандай аталышта экени байкалды. Мисалы, күн караманын бүртүгүн *nüve; zerre,* кофенин бүртүгүн *kahve çekirdekleri,* буудайга болсо *tane; tohum* аталыштары колдонулат. Бүртүк байлоо алма, алча, өрүк, кайналы, жаңгак, пахта, тамеки ж.б. маданий жана жапайы дарактарда да кездешет. Ушул эле аталышка уйкаш өсүмдүктөрдүн ***уругу/үрөнү*** колдонулат. Эгиндерди көбүнчө *уругунан/үрөнүнөн* өстүрүшөт. Мисалы, буудай, арпа, таруу, пахта сыяктуу өсүмдүктөр уругунан көбөёт жана түшүм берет. Бул атоо М.Кашкаринин сөздүгүндө ***евин*** - үрөн, урук формасында берилген [Кашкари 2011:173]. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө урук - семена; жүгөрүнүн гибриддик уруктары - гибридные семена кукурузы деген маанилери берилген [Юдахин, 2: 308]. Түрк тилинде *yumurtalık, tohumluk, damızlık, tohum* маанилери колдонулат [РТС, 824]. Жогоруда айтылган ***tohum*** сөзүнө сын атоочтун ***–lık*** мүчөсү жалганып, ***tohumluk*** сөзү жасалды. Берген мааниси болсо, бир урууну же затты улантуу дегенди билдирет [www.etimolojitürkce.com] К.К.Юдахиндин сөздүгүндө болсо: **жалбырак** лист (растения); *жалбыракта*- пускать листья, покрываться листвой, одеваться листвой, деген котормолору бар [Юдахин, 1: 220]. Түрк тилинде кыргыз тилине жакын *yaprak* деген формада колдонулат. *Yaprak (жалбырак), üzüm yaprağı(жүзүмдүн жалбырагы), yaprak hışırtısı (жалбырактардын үнү), ağaçların yaprakları (даректардын жалбырактары), bitki yaprağı(өсүмдүк жалбырагы)* деген мисалдарды келтирүүгө болот [РТС, 371]. Эски түрк тилинде ***yapır/yalbır*** (rüzgarda titreşmek – шамалда титирөө) формаларында колдонулуп, кийинки жылдарда тыбыштык өзгөрүүлөргө учураган [www.etimolojitürkce.com]. М.Кашкаринин сөздүгүндө ***yapurgak/yapırgak*** формалары берилген [Divan-i Lugat-it Türk (1070)]. Бул формалар түрк тилиндеги *yaprak/yaprağı* варианттарына аябай жакын келет. Мөмөсү, даны жыйналып алынгандан кийинки калган калдыктары ***кабык*** деп аталат**.** К.К.Юдахиндин сөздүгүндө: 1. *южн*. кожица, корка (фруктов, арбуза), деген мааниси берилген [Юдахин, 2: 112]. Бул атоо көбүнчө бакчачылык менен алектенген дыйкандардын кебинде көбүрөөк колдонулат. Коон, дарбыздарды жеп бүткөндөн кийин кабык/почоктору калат, аларды үй жаныбарлары үчүн тоют катары колдонушат. Кыргыз адабий тилинде кабык

болуп кездешсе, ал эми диалектилерде ***почок***, *өзб*: пучак, *тажикче* пучак «кожура» деген сөздөн өздөштүрүлгөн. Түрк тилинде *zar, kabuk (karpuz kabuğu, portakal kabuğu, ekmek kabuğu)* маанилери колдонулат [РТС, 328]. Түрк тилинде сөздүн этимологиясы *kap* (torba, zarf) сөзүнө *+ık* мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган [www.etimolojitürkce.com]. Эң алгачкы маалыматтар М.Кашкаринин сөздүгүндө *kabık (darı kepeği)* [Divan-i Lugat -it Türk (1070)], Кодекс Куманикуста *kabık/kabuk (ağaç kabuğu)* [Codex Cumanicus (1300)] формалары берилет.

Эки тилде кезиккен өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүнө байланыштуу аталыштарда көпчүлүк сөздөрдүн турпаты жана маанилери окшош кездешет.

Дыйканчылыкта өсүмдүктөрдү өстүрүү процессинин аталыштары. Өсүмдүктөрдүн эгилиши, жер бетине өнүп чыккан күнүнөн тартып жалбырактарын ачканы, чоңоюшу, өнүгүүсү, өсүшү, гүлдөөсү, мөмөсүнүн бышышы сыяктуу ж.б. процесстеринин аталыштарды камтыйт. Алар төмөнкүдөй аталышта жана маанилерде кездешет: Эгин эгилип, анын жер бетине өсүп чыгуу процесси ***өнүм*** болот. Дарбыз, коон, ашкабак ж.б. өсүмдүктөр *өнүп*, жер бетине уруктарынын кабыгын кийип чыгат.Бул аталыш кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө төмөндөгүдөй бир компоненттүү атоо катары чечмеленип берилген: **өнүм** - өнүп чыккандык, өсүп, өнүп чыгуу сапаты. *Жер таштуу жана ак топуракту болгондуктан, эгиндин өнүмү кем* (Жантөшев) [КТТС, 484]. К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө да бул атоонун төмөнкүдөй кыска формасы берилген: **өнүм** - рост, произрастание; [Юдахин, 2: 96]. Кыргыз тилинде болсо бул атоо *өнүм, өнүп чыгышы* деп айтылып, урук жерге эгилгенден кийин бир жуманын ичинде өнүп чыгып, жер бетине көтөрүлө баштаган, көзгө көрүнө баштаган учуру эсептелет. Түрк тилинен болсо төмөнкүдөй бир нече процессине байланыштуу сөздөрдү таптык: ***büyüme, yükselme, artma, kuvvetlenme, genişleme, ilerleme, gelişme, mükemmelleşme***; ***bitkilerin büyümesi (рост растений); boy sürmek, boy almak (пойти в рост (о растении))*** [РТС, 797]. Түрк тилиндеги негизги маанини берген *büyüme, artma* сыяктуу өсүү процесстеринин аталыштары эски түрк тилдеринин **kēn- büyümek, artmak +ıg* деген сөзүнөн алынган. Кийин тыбыштык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында **kēn* сөзү *géŋe-* "genişlemek" вариантында колдонулган. Башкача айтканда, *géŋe этиш сөзүнө +ış* мүчөсү уланып, кайра эле этиш сөзүн жасап жатат. Эски түрк тилиндеги *kéŋ* деген сөз "geniş, yaygın, uzak" кенен, чоңоюу, алыстоо деген маанилерди берген [www.etimolojiturkce.com].

Өсүмдүктөрдүн өнүп чыгып, жетилгенден кийинки процесс ***гүлдөө*** процесси болот. Бул атоо кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *гүлдө-* этишинин кыймыл атоочу катары берилген. Гүлдөө - *этиш*. Гүл ачуу. *Мындан ары биздин мектептин алма багы гүлдөй баштайт* [КТТС,1969 143]. *Гүлдөө* -өсүмдүктөр өсүп жетилип, жалбырактарын жайгандан кийинки мезгилде

болуучу процесс. Анда өсүмдүктөр гүл ачуу үчүн бүртүк жайып бутактарынын арасынан өзгөчө бир бүртүк пайда болот. Ал бүртүгү сынып же болбосо түшүп калбашы үчүн ошол мезгилде тракторлорду аралатпайт, киши да эгиндерди аралабаш керек. Бул аталыш башка тилден өздөштүрүлгөн сөздүн (*гүл*) кыргызча сөз болуп (*гүл-дө-оо = гүлдөө*) айтылган түрү болуп эсептелет. Орусча-түркчө сөздүктө *цветение -çiçeklenme, çiçek açma* деген маанилери катталган [РТС, 983]. Түрк тилинде да этиш маанисинде колдонулат. Кыргыз тилинде бир эле сөздөн турган бул атоо түрк тилинде тутуму жагынан *çiçek açma* деген эки сөздөн турат. Сөздүн биринчи тутумундагы *çiçek сөзү* түрк тилинин төл сөзү, эски түрк тилиндеги адабияттарда да дал ушундай эле мааниде колдонулган. [www.etimolojitürkce.com]. Экинчи тутумундагы *aç-, açma* этиш сөздөрү түрк тилине таандык. Эң алгачкы маалымат Орхон Енисей жазууларында берилген. Бирок, анда этиш маанисинде эмес атоо же сын атооч мааниде деп катталган. Мисалы*: aç "aç, açlık (isim ve sıfat –зат атооч же сын атооч сөз)" Türük bodın aç érti [Türk boyları aç idi]* [Orhun Yazıtları (735)]. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө *"чечек озгы атылды"* гүл оозу ачылды, ошондой эле өсүмдүктөр, бүчүрлөр ж.б. ачылгандар деген маанилери катталган [Кашкари, 2011: 361]. Демек сөздүктө түрк тилине катыштыгы бардай байкалат ж.б.;

Дыйканчылыкта эмгек процесстеринин аталыштары*: (малалоо -* ***tirmiklamak , отоо - otlamak, айры//бешилик - beslik, тырмоо - yuvarlak tirmik , кетмен - kazma, күрөк - kürek, калбыр - kalbur, араба - araba, балка - gekig, жады – bigekdöver, замбил – teskere, кайрак – kuru zuraat, чалгы – orak, орок – orak, алачык – alagik, кап – cuval, бастырма – taharküm, культивация – cultivator, мала – tirlik, тараза – terazi , теше – tesmek , трактор – traktor, малалуу трактор – tirtilli traktor, тегирмен – yzimci, агроном – agranom, агаротчу – bostanci, багбан – bahgivan, дыйкан – givgi, кырманчы – harmanci, мурап – irgar*** ж.б): Өсүмдүктөрдүн кээ бирлери бир жылдык өсүмдүк болгондуктан, анын жыл сайын уругу алынып, жыл сайын уругун эгип, түшүмү алынат. ***Эк-*** (*пахта эгүү*)- төл сөз (*буудай эк-, пахта эк-, арпа эк-, дарбыз эк-, коон эк-, шалы эк-*). Эгилген жерде өсүмдүктөр тегиз чыкпаган жерлерге *ала эгилди* деп айтылат.Ал эми кээлери көп жылдык болгондуктан, алар беш-он жылда бир жолу эгилет (дыйкандын кебинен). Түрк тилинде да ***ek, ekmek, dikmek*** формада колдонулуп, кыргыз тили менен бирдей уңгуда болот. Түрк тилиндеги ***ek, ekmek, dikmek*** сөздөрү түрк тилдерине таандык. Бул кыймыл-аракетти билдирген сөздөр эң алгачкы жолу 1300-жылдарда колдонулгандыгы белгиленет [Mukaddimetü'l-Edeb (1300 yılından önce)] [www.etimolojiturkce.com]. Мисалы: *karpuz ektim, elma diktim, buğday ekmek.* Ошондой эле эки тилде тең активдүү колдонулган эмгек процессине байланыштуу эркин сөз айкаштарынан мисал келтирсек: ***суула // sulamak, жер казуу // yer çaplamak, toprağı çaplamak, жер жумшартуу //***

topragı yumsartmak, үйрөп себүү // tohum atmak, суу сугаруу // sulamak, tarcyl sulamak, su vermek, отосун отоо // yabani otlar çektıb, эгин чабуу // hasat, ecın bıçme, чөп чабуу // tırpan çekmek, tırpanda jt bıçımı, чөп жүктөө // ot tasımak, эгин ташуу // ekın tasımak ж.б.

Кыргыз тилинде болобу, түрк тилинде болобу ушул мезгилге чейин эмгек процессине байланыштуу сөздөр активдүү колдонгонун көрүүгө болот.

Дыйканчылыкта эмгек куралдарынын аталыштары. Кыргыздар илгери жерди кол менен иштетип, кош өгүз менен жер айдашкан. Кош өгүз менен жер айдагандагы эмгек куралдарынын бири - ***амач/кош.*** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *амач* деп катталган: *зат*. буурсун [КТТС, 50]. Кээ бир дыйканчылык аймактарында *кош* деген түрүндө жолуктурдук. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө да катталып, эки мааниси менен берилген: *Абдал*-южн. то же, что буурсун. Кыргызстандын түштүк аймагында сокого же соконун буурсунун ушундай аташат. Жыйым-терим бүткөндөн кийин жерди кийинки жылга даярдоодо соко менен айдашат. Бул азыркы учурда трактор менен жете албаган жерлерде колдонулат. Башкача айтканда, бул куралды трактор пайда болгон учурга чейин колдонушкан. Азыр бул куралдын ордуна тракторду*н амач* деген бөлүмүн колдонушат. Ушул эле атоонун *буурсун* деген формасы да колдонулат. *Буурсун*- соха; (точнее *Соконун бурсуну*) рукоять плуга или сохи [Юдахин, 1: 164]. Х.Карасаев бул сөздү иран тилдеринен келип кирген деп көрсөткөн [Карасаев 1986, 34]. Элдин кебинде амачтын эки түрү колдонуларын билдик. Биринчиси *темир амач*, бул тракторго уланып, бир нече метр жерди омкоруп айдап кетет. Экинчиси *жыгач амач*, бул атка же өгүзгө кошулуп, жерди бир эле чыйыр омкоруп кетет. Бул трактор чыкканга чейин иштетилген, азыр калк өздөрүнүн кичинекей үлүш жерлерин, огороддорун айдоодо колдонушат. Кээ бир аймактарда ал *соко* деп да аталат. Иликтөөгө алынган жерлерде да эки атоонун соко формасы көбүрөөк колдонуларын байкадык. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө болсо берилген *емеч* (буурсун, жыгач соко, дыйкан шайманы) сөзү гана [Кашкари, 2011:133]. Түрк тилинде *saban, karasaban* формасында кездешет [РТС, 865]. *Saban* сөзү *sap*- (*saplamak, sokmak*) түрк тилдерине тийиштүү сөздөн алынган. *Мисалы:* ***saban*** "*karasaban, çift sürme aygıtı*" [Divan-i Lugat-it Türk 1070].

Күрөк **-** дыйканчылыкта көп колдонулган куралдардын бирөөсү. Мунун *темир күрөк, жыгач күрөк, кол күрөк* деп айтылган түрлөрүн каттадык. Дыйканчылыкта булардын ичинен *жыгач күрөк, темир күрөк* көп колдонулаары байкалат. Ал эми шалычылыкта *жыгач күрөк* менен катар *кол күрөк* да колдонулат. Себеби шалы эгүүдө шалынын палдарын даярдоодо, анын жака белдерин казууда *кол күрөк* керек болот. Ал кээ бир аймактарда *бел күрөк* деп да аталат. Дыйканчылыкта күрөк сыяктуу дагы бир курал колдонулат. Ал ***калак*** - уч жагы жалпак, жука миздүү, саптуу күрөк сымал жыгач курал. Калак абдан көп көлөмдө камыр жууруганда, бозонун шагын

аралаштырганда жана кайнатканда, эжигей бышырганда, курут даярдаш үчүн сүзмө менен эжигейди аралаштырган- да, шакар кайнатып самын уптаганда ж.б. колдонулат. Кыска саптуу жазы калак очоктон, тандырдан күл чыгарууда пайдаланылат. Калак - сууда сүзүүчү кайыктын эки шилегичин да туюнтат [Эралиев, Каратаев: 2005]. Ал эми түрк тилинде кыргыз тили менен бирдей атоодо *kürek, bel, bel kürek* формалары колдонулат [РТС, 376]. Бул атоо түрк тилдерине таандык. Алгачкы маалыматтар М.Кашкаринин сөздүгүндө берилген. Мисалы: *kürgek [1. sandal küreği, 2. toprağı kazmaya veya kar küremeye yarayan alet]* [Kaşgarî, Divan-i Lugati't-Türk, 1073] Андан сырткары түрк тилинде кемени башкаруучу калакка да *kürek* сөзү колдонулат. Мисалы*:* *kürege salmak, göndermek: Ad triremes amandare (gemilerde kürek çekmeğe mahkûm etmek (кеменин калактарын айдоого жазага тартуу, жаза катары кеме айдатуу))* [Ahmed Vefik Paşa, Lehce-ı Osmani, 1876]. Ал *kürek cezası* деп да айтылат. Адамдарын дене мүчөсүндөгү сөөгүнө да *kürek* сөзү колдонулат. *Мисалы: kürek kemiği.* Ал эми сөздүн жасалышы болсо*, küri- eşmek, kazımak (казуу)* уңгусуна мүчөсүнүн жалганышы менен жасалган [www.etimolojitürkce.com]. Ал эми К.К.Юдахин төмөнкүдөй маанилерин каттаган: *күрөк* -лопата; *темир күрөк* же *бел күрөк* -железная лопата; *кол күрөк* -лопата с малой лопастью; *жыгач күрөк* -деревянная лопата ж.б. [Юдахин 1965: 470].

Дыйканчылыктагы кесип ээлеринин аталыштары. ***Дыйкан*** - жер иштетүү менен кесиптенген адам. «*Дехкан»* же *«дехкон»* - байыркы фарси (перс) термини. Байыркы Ирандагы (Персия) Сасанийлер династиясынын мезгилинде (б.з. 3-7-кк.) оокаттуу, жер иштетип, тың жашаган, эркин дыйканды аныктаган. Дехкондор сасанийлер армиясынын негизин түзүшкөн. Ушул эле атоодон улам дыйканчылык деген экинчи бир аталыш пайда болгон. ***Дыйканчылык*** - маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүгө негизделген чарбалык иштердин тиби. Кыргыздарда дыйканчылык байыркы замандардан эле белгилүү. Дыйканчылыктын жогорку маданияты бүгүнкү Кыргызстандын аймагында да өрөөндүү жерлерде ишке ашырылгандыгын археологиялык казуулар, чыгыш жазма булактары тастыктайт. Кыргыздар Энесай доорунда, андан соңку мезгилдерде көчмөн мал чарбачылыгы менен катар дыйканчылык маданиятынын жогорку формасын өнүктүрө алышкан. Хакас-Минусин ойдуңунда, Тувада кыргыздар калтырган сугат системалары, тегирмендер, эгин талаалары ж.б. тарыхый жайлар сакталып калган. Бул дыйканчылык аркылуу кыргыздар эгинге ж.б. маданий өсүмдүктөргө болгон керектөөсүн толук канааттандырышкан. Жер иштетүү, өсүмдүктөрдү багып өстүрүү, түшүм жыйноо ж.б. багытта элдик бай тажрыйба чогулган. Бул тарыхый жайлар азыркы учурда да кыргыз талаалары, кыргыз тегирмендери, кыргыздар курган сугат каналдары, кыргыздар курган жолдор ж.б.у.с. аттар катары белгилүү. Дыйканчылык мал чарбачылык менен бирге мезолит-

неолитте, 10-8 миң жыл мурда пайда болгон. Жаратылыш шарттарына байланыштуу дыйканчылыктын ар кандай түрү калыптанган; 1) жаан-чачын жерлерде, жаратылыш шарты мээлүүн өлкөдө жүргүзүлгөн түрү; 2) кургак аймактардагы сугат дыйканчылыгы; 3) нымдуу субтропиктерде жыл бою жүргүзүлүүчү дыйканчылык (2-3 ирет түшүм алган). Дыйканчылык менен катар кыргыздар дыйканчылык маданиятын да өздөштүрүшкөн. Дыйканчылык маданияты - жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган атайын иш-чаралар. Мындай иш-чараларга тар мааниде жер иштетүүгө куралдарды пайдалануу, кеңири мааниде комплекстүү дыйканчылык системалары, жер семирткичтер, сугаруу жана кургатуу иштери кирет. Дыйканчылык маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүгө негизделген чарбанын жана чарбалык ишмердүүлүктүн дүйнөлүк деңгээлдеги алдыңкы тиби. Өсүмдүктөрдү багууда, өстүрүүдө жер иштетүүнүн, жаңы сортторду табуунун, эгинди карап өстүрүүнүн, түшүм жыйноонун ж.б.у.с. элдик тарыхый тажрыйба топтоштурулган. Кыргызча-орусча сөздүктө *дыйкан - земледелец, крестьянин; дыйканчы* формаларында катталган [Юдахин, 205]. Түрк тилинде ***çifçi, tarımcı, çifçilik, tarımcılık, ziraat*** маанилери колдонулуп, жер менен иштеген адам дегенди билдирет [РТС, 272]. ***Çiftçi*** сөзү түрк тилинде ***çift*** (жуп, жуп сан) сөзүнө ***-çi*** сөз жасоочу мүчө уланып жасалды. Ал эми экинчи варианты *tarımcı* сөзү түрк тилинин *tarı/darı* деген сөздөрүнөн уюшулган. *Darı* [www.etimolojiturkce.com] кыргыз тилинде ушул варианттан келип чыккан дешке болот.

Эгин талаасына суу койгон кишини ***мурап*** деп айтылат. Бул сөздүн тажик тилинен келгендигин анын экинчи компонентинен даана байкоого болот: *мурап> ап.* тажик тилинде *об* (*ап*) ***суу*** дегенди билдирет. Биз бул атоонун мындайча маанисин да каттадык: ***көк башы*** - дыйканчылык аймактарындагы эгиндер үчүн сугат мезгилинде суу бөлүштүрүп, сугатты тейлөөчү адам. Мурап сөзүнө синоним катары көк башы сөзү биринчи ирет Э.Хурибаеванын изилдөөсүндө белгиленген жана ынанымдуу далилденген [Хурибаева, 2012]. Кыргыздар толук отурукташып, эгин ж.б. маданий өсүмдүктөрдү айдагандан баштап суу бөлүштүрүү жана аны тейлөө зарылчылыгы пайда болгон. Элибизде эгин менен чөп жалпы жонунан «көк» деп аталгандыктан, «көк башы» деп аталып калышы толук мүмкүн. Көк башы «мурап» (фарсча суу башчысы) деп да аталат. Эл арасында «эл башы болгуча суу башы бол» деген лакап кеп бар. Айрым илимий иликтөөлөрдө “мурап” сөзү суучу, сугатчы сөздөрүнүн эле синоними катары түшүндүрүлгөн. Мурап бардык эле эгин-тегинге, техникалык өсүмдүктөргө, бак -дарактарга суу жеткирүүнү көзөмөлдөөчү кызматыч. Орус тилиндеги гидротехник кызматына окшоп кетет. Анткени бул адис же жооптуу адам каналдардан сууну эгин аянттарын чейин камсыздаган, себеби адамдар сугат учурунда өз эгиндерине, огороддоруна да пайдаланышкандыктан, мурап аларга саат -

сааты менен белгиленген учурда гана пайдалануну көзөмөлгө алган. Кыргызча -орусча сөздүктө иран тилдеринен кирген сөз (*мираб)* катары берилет [Юдахин, 2:40]. Бул сөздү түрк тилинин сөздүк корунан тапкан жокпуз, бирок оозеки кепте ***ırgap*** деген кайрылышарына күбө болдук. ***Irgap*** сөзү грек тилинин ***ergátēs*** εργάτης *işçi, amele, özellikle toprak işçisi* (ишчи, жумушчу, өзгөчө топурак менен иштеген адам) деген сөзүнөн алынган [www.etimolojiturkce.com]. Бирок түрк тилине келгенде мааниси өзгөрүп, сууну көзөмөлдөгөн адамга карата маанисин өзгөрткөндүгүн байкоого болот.

Дыйканчылыкка байланыштуу жалпы аталыштар. Эгин эгип дыйканчылык менен күн көрүп иштеген аймактарда эгин айдалган аянттардын, эгиндерди, дан, мөмө-жемиштерди терип кургата турган, эгин өскөн, өсүмдүктөр чабыла турган жерлердин, эгиндерге суу келген арыктардын жана башка обьектилердин да аттары, аталыштары болот.

Эгин катарларынын арасынан суу, дары берүү үчүн алынган жөөктөр ***әгәт/арык*** деп айтылат. Бул атоонун төмөнкүдөй эки маанисин чечмелеп беришкен: ***арык*** 1. Табигый же жасалма суу нугу, арык. Сууну бөлүштүрүү жана керектүү жерге жеткирүү үчүн пайдаланылат. Жасалма канал, чоң арык, чарба ичиндеги майда сугат тармактары да жалпысынан арык деп аталат. ***арык*** 2. Кыргыз тилинде «аруу», “таза» маанисин да туюнтат. Хакас тилинде бул термин эки маанини туюнтары маалым: 1. Дарыянын ортолугунда пайда болгон арал; 2. Аралда өскөн өсүмдүк, бак-дарактар; Экинчи мааниси: 1. Тунук; 2. Ыйык. Монгол тилинде (монг. ариг) «таза», «тунук», «жакшы» дегенди аныктайт. Кыргыздар менен этностук жакындыгы аныкталган сары уйгурларда «арык» сөзү «таза» деген мааниден башка, «кытайлардын бийлигин тааныган түрк тилдүү мусулмандар» дегенди түшүндүрөт. Кыргыздын бугу уруусунун курамында арык тукуму белгилүү. 18-к. арыктар өз алдынча урук болгондугу, кийинчерээк бугулардын курамына киришкендигин окумуштуулар өз иликтөөлөрүндө белгилеп жүрүшөт [Эралиев, Каратаев:2005].

Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө да “***арык”*** - арык колдонулат (суу агызуучу арык, канал деген мааниде) деп берилген [Кашкари, 2011:39].

Эгин аянтчасын жакшылап сугаруу үчүн пахта аянтында кошумча арыктар казылып, алар *огарык*/*ок арык* деп аталат. Эгин аянты чоң болуп, ылдый жагына сууну тез жеткириш үчүн бир жөөктү бир аз кеңейтип суу жүргүзөт, ошол ***ок арык*** (*огарык*) деп айтылат. Анын түрлөрү бар: *тике огарык, жамбаш огарык, пайнап огары* К.К.Юдахиндин сөздүгүндө арыктын бир нече маанилердеги түрлөрү берилген: **арык** 1. *арык*; *арык чап*- копать арык, проводить арык; *аккан арыктан суу агат* (*погов.*) вода течет по тому арыку, по которому текла; *коо арык* большой арык (но не головной); *кол арык* маленький арык; *ок арык* (южн. с.-х.) выводная борозда [Юдахин, 73]. Ок

арыктын маанисин *жөөк* деген сөз менен бирдей деп көрсөткөн. Кыргыз тилинде эки мааниси да бирдей колдонулаары белгилүү болду.

Буудай, пахта, жүгөрү, арпа, дарбыз талааларынын бир жак капталынан өткөн ок арык ***жамбаш огарык*** деп айтылат. Бул эгин талаасынын жан жагынан алынган чоң жөөктөр. *Жамбаш огарык* менен алып келинген суу *тике огарыкка* киргизилип, ал аркылуу агеттерге таралат. Узун агеттеги эгиндерге суу жеткирип берүү үчүн узун жөөктүн арасынан тикесинен тике бир чоң жөөк тартылат, ал *тике огарык* деп айтылат. *Кичине огарык* деген түрү да айтылат. Сугат койгон мезгилде суу *тике огарык* менен алып келинип, кичине огарыктарга бөлүнөт. *Кичине огарыктардан* агеттерге таралат.

Түрк тилинде болсо ***evlek, sıra, dizi, silsile***деген варианттары берилген [РТС, 164]. Түрк тилиндеги ***evlek*** сөзү грек ***тилинин avláki*** αυλάκι *tarlada sabanla açılan yarık, kanal, su arkı* (талаада соко менен тартылган жол, канал, суу агуучу) деген сөзүнөн алынган. Байыркы грек тилинде ***aûlaks*** αῦλαξ *kara sabanla toprakta açılan yarık* (топуракка катары менен сокодо жол ачуу), ***elkō*** ἕλκω - 1***. sürmek, sürüklemek, ağır bir şeyi çekmek***(айдоо, тартуу, оор нерсе менен тартуу), 2. *toprak sürmek* (топурак айдоо) маанилеринде колдонулган. Ал эми ***silsile*** варианты араб ***тилинин silsila*** سلسلة zincir (чынжыр), ***salsala*** سلسل zincirlenme (чынжырлоо) деген сөздөрүнөн кабыл алынган [www.etimolojiturkce.com]. Мисалы: "*Sabanın derince çizgisi evlek ki bir dönüm yerde dört kısım hasıl eder*"*(Соко терең казып жөөк салгандыктан, бир сотых жерден төрт жолу түшүм алынат)* [Ahmet Vefik Paşa, Lugat-ı Osmani (1876)].

III бап “Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуу жолдору жана булактары” деп аталып, бул бапта дыйканчылык лексикасынын ички булактардын негизинде, тагыраак айтканда, морфологиялык жана синтаксистик жолдор менен өнүгүшү, ошондой эле тышкы булактардын негизинде калыптанышы изилденет.

Дыйканчылык лексикасынын морфологиялык жол менен жасалышы. Сөз жасоочу курандылар менен жасалган сөздөр: ***-чы / -çı, -çi, -çu, -çü,-cı,-ci,-cu,-cü*** ж.б.курандысы**.** Бул куранды аркылуу жасалган дыйканчылык сөздөрү эки тилде тең кыйла арбын. Эки тилде да бирдей айтылышта, формада колдонулат. Башкача айтканда, кыргыз тилинде да түрк тилинде да *-чы / -çı* варианттары менен колдонулат. ***Колхозчу*** - колхоздо иштеген адам же болбосо колхоздун мүчөсү. Мисалы: *-Мм... эми мен дагы биротоло* ***колхозчу*** *боло турган болуп калдым, -деди Марал, өзүн -өзү басынта жылмайып* (М.Г.147). Түрк тилинде да ***kolhozçu*** (***kolhoz+çu***) формасынды колдонулат. Мисалы: ***Kolhozçular*** (*işçiler) tarlayı sürmeye çıktıkları ilkyaz, yılın bir mevsimidir (Колхозчулар талааны айдоого чыккан)*

[dergipark.gov.tr] ж.б. **Пахтачы** сөзү кыргыз тилинде; 1. пахта өстүргөн адис; 2. пахтаны көп терген (теримчи) адам маанисин берет. Мисалы: *Азыр бригаданын* ***пахтачылары*** *пахтанын жаңы түшүмүн жыйноого кызуу киришишти*.[Жеңиш жолунда, 10.09.1960]. Түрк тилинде болсо ***pamukçu (pamuk+çu)*** формасында келет. Мисалы: *Pamukçu* bu *pamuk yetiştiren kimse ya da pamuk alıp satan kimse* [http://kelimeler.net] ж.б.

-чылык **курандысы.** Бул куранды *-чы + -лык* компоненттеринен турган татаал мүчө катары атооч сөздөрдөн кесиптин, иш-аракеттин, чарбачылыктын түрүн билдирген абстракттуу зат атоочторду жасайт [АКТ 2015: 272]. Мисалы: *дыйканчылык, талаачылык, багбанчылык, шалычылык, жүзүмчүлүк, коончулук, бакчачылык, пахтачылык, мурапчылык, эгинчилик* ж.б. *Атка минген* ***мурапчылык*** *бир башка да, суу менен суу болуп, жерге боорун төшөгөн* ***мурапчылык*** *бир башка...* (Ч.А.381) *Ошол күнү күндүз чакырылган колхоз мураптары менен* ***эгинчилик*** *бригадирлеринин кеңешмесине Каратай саал кечигип келди* (Ч.А.375.) .Түрк тилинде да кыргыз тили менен окшош формада колдонулат. Мисалы: ***üzümcülük, pamukçuluk, çiftçilik, bahçecilik, ekincilik*** ж.б. Кээ бирлери бирдей аталышта болсо, кээ бирлеринин уңгулары башка болгону менен жасалышы окшош. *Dedem* ***üzümcülükle*** *uğraşır, üzümden de pekmez yapardı.* ***Çiftçilikle*** *helal ekmek kazanan çoktur.* *Türkiye'de* ***bahçecilik*** *günümüzde çok gelişmiştir.*

Дыйканчылык лексикасынын синтаксистик жол менен жасалышы. Бириккен сөздөр тибиндеги дыйканчылык лексикасы. Бириккен сөздөр – татаал сөздөрдүн бир тобу, тарыхый жактан ажырагыс болуп биригип кеткен сөздөр болуп саналат: *үстөмөн, унчук, басмайыл* ж.б. [Орузбаева 1964: 198]. Уңгулар ширелишип, кээ бирөөлөрүн азыркы кезде курамдык бөлүктөргө ажыратуу мүмкүн болбой калган, аларды тарыхый жактан гана же тектеш тилдердин, болбосо байыркы жазма эстеликтердин тилдик фактылары менен салыштырып гана ажыратууга болот.

Ал эми түрк тилинин дыйканчылык лексикасында бириккен сөз тибиндеги сөздөр арбын учурайт. Мисалы: ***biçerdöver***: tarım aracı (буудай, арпа, эгин жыйноодо колодонулуучу курал); ***çatalağacı***: harmanda kullanılan ikili yaba (кырманда колдонулуучу эки тиштүү бешилик); ***kızılcüzlük***: bir buğday çeşidi (буудай түрү); ***başşahcı***: başak toplayan kimse(башак топтогон адам ж.б.

Кош сөз тибиндеги дыйканчылык лексикасы. Эки тилде тең кош сөз тибиндеги дыйканчылык аталыштары аз кездешет: **Бир сөздүн кайталанышынан пайда болгон кош сөздөр) deste deste** – боо-боо. *Dursun Bey* ***deste deste*** *kamışları eşeğe yükleyip tekrar işe koyuldu // Дурсун мырза* ***боо-боо*** *камыштарды эшекке арта салып кайрадан ишке кириште.* **Маанилеш кош сөздөр:** *бак-дарак, арык-чөнөк, кетмен-чот, оруу-жыюу, жыйым-*

терим. **Бир компоненти өз алдынча лексикалык маниге ээ, экинчи бири ал касиетке ээ эмес кош сөздөр:** *эгин-тегин.*

Кошмок сөз тибиндеги дыйканчылык лексикасы. Кыргыз тилинде ***Алтын күкүрт*** - кадимки күкүрт элементинин түрү катары саналып, күкүрттү сууга чылап аралашмасын бир нече өсүмдүктөргө дары катары пайдаланылган (пахта, шалы, тамеки ж.б.). Түрк тилинде болсо кыргыз тилиндегидей эмгек куралдарынын аталыштары, өсүмдүктөрдүн аталыштары, алардын түрлөрү көбүнчө кошмок сөз түрүндө берилет. Мисалы: ***depgili kürek***: bel küreği (бел күрөк); ***zahmeri çiflisi***: çamurlu tarlayı sürmede kullanılan bir çesit saban (баткак жерлерди айдоо үчүн соко); ***arnavut buğdayı***: sapı uzun, başakları kısa olan bir buğday (сабы узун, башагы кыска болгон буудай түрү); ***çali basmaz***: kara kılçıklı buğday(кара кылдуу буудай); ***çöp doruu***: arpa ve buğdaya genel olarak verilen ad (арпа жана буудайга берилген жалпы ат); ***erken kızılca***: hasat başlamadan biçilen buğday (жыйым-терим башталбай туруп орула баштаган буудай); ж.б. Ошондой эле компоненттери сөз түркүмдөрүнөн куралган кошмок сөздөргө кайрылсак. **Сан атоочтор менен зат атоочтордон** уюшулган кошмок сөздөр: ***биринчи терим*** - пахтанын косектери тегиз ачылып, терүүнүн башталышы. *Биринчи терим менен план аткарылды, бүгүн экинчи теримге өтөбүз* («Советтик Кыргызстан»); ***биринчи чабык*** - эгин жердин бетине тегиз өнүп чыгып, араларын отоо чөптөр баса баштагандагы алгачкы чабык; ***үч чанак*** - косектеги чанактары үчөө эле болсо *үч чанак* деп аталат (үч чанактуу косектер өтө аз жолугат); ***төрт чанак*** косектеги чанактары төртөө болсо *төрт чанак* деп аталат [КТТС, 1969, 110]. Ал эми түрк тилинде болсо ***dokuz saban***, ***altı gıran arpa , altı kenal, altı kıran, altı kıran arpa, altı köşe arpa, altîran*** сыяктуу сан атоочтордон жасалган атоолор колдонулат. ***dokuz saban***: traktörün arkasına takılan bir çeşit saban (тракторлорго чиркелишип колдонулуучу соконун түрү). ***altı gıran arpa*** başağı altı sıralı olan arpa (башы алты катар болгон арпанын түрү) [Türk Dili Derleme sözlüğü, 1978] ж.б. **Этиш сөздөр менен** уюшулган кошмок сөздөр: ***Ала эгүү*** (*ала эк-, ала эгүү*) - пахтаны сеялка менен эгет. Этиштен жасалган кошмок сөз түрүндөгү атоолор түрк тилинде да арбын кездешет: ***ark etmek***: su yolu yapmak (жөөк тартуу); ***korz atmak***: nöbetleşe tarlayı sürmek (кезектешип талаа, жер айдоо); ж.б.

Дыйканчылык лексикасынын тышкы булактардын негизинде калыптанышы. Дүйнөлүк бардык эле тилдердин өсүп-өнүгүү абалына карап көрсөк, башка тилден сөз кабыл албаган өз алдынча өнүккөн тил болбойт. Башка бардык эле тилдердей кыргыз тилинин өнүгүшү да, түрк тилинин өнүгүшү да жалпы тилдер үчүн мүнөздүү болгон тектеш тилдердин жардамы аркылуу ушул деңгээлге өсүп жеткени маалым. Дыйканчылык лексикасынын тышкы булактардын негизинде калыптанышында тектеш эмес тилдердин тийгизген таасири чоң.

Кыргыз лексикасынын эң маанилүү байытуучу булагы сөзсүз орус тили же орус тили аркылуу кирген дүйнөлүк тилдердин өзөгү. Элдин тарыхына кайрылсак XIX кылымдын экинчи жарымынан алардын биздин аймакка отурукташышы менен далай сөздөр киргендиги ачык. Орустар негизинен кыргызстандын түздүктөрүнө эгин эгүүгө ыңайлуу, суулуу кара топурактуу семиз жерлерин ээлешип, жер иштетүү маданиятын үйрөтүшкөн. Союздун жылдарында болсо бирдиктүү мамлекет катары бардык *техникалар, шаймандар, аспаптар, технологиялык* аракеттер орус тилинин жардамы менен киргени ачык байкалат. Мисалы, ***машина, трактор, комбайн, сеялка, культиватор, акушник, чизель, вораха, замок, наральщик, бороза*** ж.б. терминдери кирип эле тим болбой айрымдары кыргыз сөздөрү менен сиңип биргелешкен жаңы сөздөрдү пайда кылган. Мисалы, ***чеканкалоо, чизилдөө, паласа оруу, падбор терим, бараза көмүү ж.б***. сөздөр кездешти. Жалпысынан алганда негизинен орус тилинен техникалык, технологиялык, агрономиялык, экологиялык, биологиялык, химиялык, механикалык, индустриялык түшүнүктөр арбын киргени байкалат.

Түрк тилдери менен салыштырганда бул өзгөчөлүк дээрлик байкалбайт, анткени түрк тилдеринде булардын өз аталыштары бар жана алар тыбыштык өзгөчөлүктөр менен гана учурабаса дээрлик бирдей формада, аталышта колдонулат.

Түрк тилинде болсо техникаларга байланыштуу атоолор гана башка тилдерден оошпосо, дыйканчылыктын калган тармактарында көпчүлүк сөздөр түрк тилинин төл сөзүнөн жасалган же уңгусу башка тилден алынса да, мүчөсү түрк тилине тиешелүү сөздөр. Мисалы: ***кош (pulluk), амач, буурсун, соко (saban, kara saban), мала (tırmık), кетмен (çapa-çap уңгусунан алынган), теше (küçük çapa), челек (kova), тараза (ölçü), чигит (tohum), пая (гозопая (koza), шалыпая(pirinç samanı), макапая (mısır odunu), шак (budak), шүдүгөр (tarım, tarla, arazi)*** ж.б.

ЖЫЙЫНТЫК

1. Кыргыз жана түрк тилдери кесиптик лексиканын бир тармагы болгон дыйканчылыкка байланыштуу сөздөргө жана атоолорго бай. Алардын бир тобу эне тилибиздин сөздүк курамынан орун алып бүгүнкү күндө адабий тилибизде кеңири орун агандыгын байкадык. Ар кайсы аймакта жашап, бирдей кесип кылышкан дыйкандардын оозеки кебинде колдонулган сөздөрдүн уюткусу жалпысынан эки тилде тең бирдей экендигин көрөбүз. Алардын көпчүлүгү эки тилге тең орток, түшүнүктүү сөздөр катары карасак болот. Бирок, муну менен катар дыйканчылык сөздөрү боюнча эки элдин жашоо шартына жараша аймактык кээ бир айырмачылыктарга да ээ.

2. Кыргыз жана түрк тилиндеги сөздөрдүн морфологиялык табияты боюнча затты, кыймыл-аракетти, сын-сыпатты ж.б. туюндурат, ал эми

түзүлүшү боюнча бир жана андан көп сөз тизмектеринен, туунду жана тубаса сөздөрдөн жасалган. Булардын ичинен эки тилде тең тубаса уңгу мүчөлөрдүн жалганышы менен пайда болгон туунду сөздөр басымдуулук кылат.

3. Дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн таралыш аймактары, эки тилдеги диалектилик өзгөчөлүктөрү боюнча: а) кыргыз жана түрк тилинде бирдей тарап, бирдей мааниде колдонулган, б) тыбыштык составы, морфологиялык түзүлүшү боюнча айырмаланган, в) семантикалык мааниси жагынан өзгөргөн, г) бир тилде айтылып, экинчи бир тилде жолукпаган сөздөр деп бөлүштүрсөк болот.

4. Кыргыз-түрк тилдеринин дыйканчылык сөздөрүн натыйжалуу пайдалануу үчүн морфологиялык ыкма кеңири колдонулат. Жаңы сөздөрдү пайда кылуу үчүн -ыш, -оо,уу кыймыл атоочу, -чы, -чылык сыяктуу куранды мүчөлөр дайыма активдүү кызмат аткарышат. *М: эгүү, сугаруу, отоо, кыйыштыруу, пахтачылык, багбанчылык, шалычылык,* түрк тилинде: *ekmek, çiftçi, bostancı, tarımcılık, sucu, harmancılık ж.б.*

5. Синтаксистик ыкма менен бир канча тутумдагы дыйканчылык сөздөрү уюшулуп, функционалдык мүмкүнчүлүгүн арттырат. М: *пахтанын курту, эгиндин сабагы, күрүчтүн күрмөгү, картошканын дарысы, алманын сорту, күн караманын даны;* түрк тилинде: *beşparmak, kızılcüzlük, ağnağaz, ağdarı, ahbuday, akekin, denebaş, devedişi, turnadili* ж.б.

6. Дыйканчылык, эмгек процесстерине байланышкан атоолор, сөздөр коомдук саясый мезгилге (шартка) байланыштуу. Алсак кыргыз тилинде орус тили же ал аркылуу өздөштүрүлгөн (техникалык) сөздөргө түшүндүрмөлөр орчундуу орунду ээлейт. Ал эми түрк тилинде болсо англис, француз тилинен түздөн-түз кирип, дыйканчылык лексикасын ушул сыяктуу өздөштүрүлгөн сөздөр кыргыз тилине салыштырмалуу кеңири орун алган.

7. Эки тектеш тилдин дыйканчылык лексикасынын изилдениши лексикография багытында өзгөчө маанилүү жыйынтыктарга алып келмекчи, маселен бул илимий иштин натыйжасында кыргыз жана түрк тилиндеги түшүндүрмө, эки тилдүү сөздүктөр убагында чыгарылып, андан берки мезгилде дагы керектөөлөр жаралып, сөздөрдүн жаңы маанилеринин пайда болгондугун, жаңы атоолор менен толукталарын аталган илимий изилдөө кандайдыр бир деңгээлде кошумча киргизет го деген ойдобуз.

Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү илимий эмгектерде чагылдырылды:

1. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын айрым өңүттөрү [Текст] / К.Семиз // Наука и новые технологии. -2013. №8. -68-70-бб.

2. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасын изилдөөнүн айрым маселелери жөнүндө [Текст] / К.Семиз // Наука и новые технологии. -2014. №6. -113-116-бб.

3. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын изилдениш тарыхы жөнүндө [Текст] / К.Семиз // К.Карасаев ат. БГУнун Жарчысы. -2015. №3-4. -33-34-бб.

4. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын жасалыш жолдорун изилдөөгө карата [Текст] / К.Семиз // Кыргыз тили жана адабияты журналы. -2016. №29. -14-16-бб.

5. Семиз, К. Лексико-семантическая классификация земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках [Текст] / К.Семиз // Международный научный журнал «Spirit time». -2019. №2 (14). -С.21-24.

6. Семиз, К. Сравнительный план морфемного состава земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках [Текст] / К.Семиз // Международный научный журнал «Spirit time». -2019. №2 (14). -С.24-27.

Семиз Кенандын “Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү” деген темада 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

РЕЗЮМЕСИ

Негизги сөздөр: *кесиптик лексика, дыйканчылык лексикасы, өсүмдүк аталыштары, кыргыз жана түрк тилдери, семантикалык топ, лексика-семантикалык өзгөчөлүк, номинация, сөздүк кор, сөз жасоонун жолдору, тышкы булактар*.

Изилдөө обьектиси - кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасы, ал эми предмети аталган тилдердеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү.

Изилдөөнүн максаты кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдү өз ара салыштырып изилдөө аркылуу алардын ортосундагы жалпылык менен айырмачылыктарды аныктоо.

Изилдөөнүн методдору: Илимий ишти аткарууда иликтөөгө алынган кыргыз жана түрк тилинин иллюстрациялык материалдарына карата анализ синтездик, сыпаттама, салыштырма, тектештирме-тарыхый, компоненттик илик жүргүзүү жана этнолингвистикалык методдор колдонулду.

Алынган натыйжалар жана алардын илимий жаңылыгы:

- кыргыз тил илиминде кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасы алгач ирет салыштырма-тарыхый аспекттен илимий изилдөөнүн объектиси катары алынышы;
- кыргыз жана түрк тилдериндеги кесиптик лексиканын лингвистикалык табиятынын ачылып көрсөтүлүшү;
- кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасынын лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү эки тилдин факты-материалдары аркылуу далилдениши;
- өнүмдүү жана өнүмдүү эмес грамматикалык формалардын жардамы аркылуу уюшулган лексикалык бирдиктердин жасалуу жолдорунун талдоого алынышы;
- жалпы эле кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасынын тарыхый эволюциясынын каралышы.

Колдонуу чөйрөсү: Изилдөөнүн натыйжалары кыргыз жана түрк тилдеринин, ошондой эле башка түрк тилдеринин тарыхый лексикология, диалектология жана тарыхый морфология багытында жазылчу эмгектерге тиешелүү маалыматтарды, фактыларды бере турган көмөкчү булак боло алат. Айрыкча түркология жана филология бөлүмдөрүндө “Кыргыз тилинин тарыхы”, “Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы” жана “Түрк тилдеринин салыштырма-тарыхый грамматикасы” боюнча теориялык жана практикалык курстарды окутууда кошумча материал катары колдонулушу мүмкүн.

РЕЗЮМЕ

на диссертационное исследование Семиз Кенана на тему “Формирование и развитие земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках” на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.06 – тюркские языки

Ключевые слова: *профессиональная лексика, земледельческая лексика, наименование растений, кыргызский и турецкие языки, семантические группы, лексико-семантические особенности, номинация, словарный фонд, словообразование, внешние источники.*

Объект исследования: Объектом исследования является земледельческая лексика в кыргызском и турецком языках, предметом исследования - их формирование и развитие в исследуемых языках.

Цель исследования: Основной целью работы является выявление общности и различия земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках.

Методы исследования: В ходе выполнении данной научной работы были использованы следующие методы исследования: метод анализ и синтеза, описательный, сравнительный, сравнительно-исторический, этнолингвистический и метод компонентного анализа.

Полученные результаты исследования и их научная новизна:

- впервые объектом изучения выбраны земледельческая лексика кыргызского и турецкого языков в сравнительно-историческом аспекте;
- раскрыта лингвистическая природа профессиональной лексики в кыргызском и турецком языках;
- произведено распределение на лексико-семантические группы земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках;
- анализируется вопросы образования лексических единиц с продуктивными и непродуктивными грамматическими формами;
- рассматриваются историческая эволюция земледельческих терминов в кыргызском и турецком языках.

Область применения: Областью применения полученных результатов являются источником для научных работ по исторической лексикологии, диалектологии и исторической морфологии кыргызского, турецкого и других тюркских языков. В особенности можно использовать как дополнительный материал в теоретических и практических курсах, таких как “История кыргызского языка”, “Сравнительная лексикология тюркских языков”, и “Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков” в отделениях тюркологии и филологии.

RESUME

Semiz Kenan "Formation and development of agricultural vocabulary in the Kyrgyz and Turkish languages"

The thesis is submitted to confer the scientific degree of Candidate of Philological Sciences. Specialty 10.02.06 – Turkic languages.

Key words: *professional vocabulary, agricultural vocabulary, plant names, Kyrgyz and Turkish languages, semantic groups, lexical-semantic features, nomination, vocabulary, word formation, external sources*.

Object of the research: The object of the research is agricultural vocabulary in the Kyrgyz and Turkish languages; the subject of the study is their formation and development in the comparing languages.

Goal of the research: The main goal of the work is to identify the similarities and differences of agricultural vocabulary in the Kyrgyz and Turkish languages.

Methods of research: In the course of this scientific work, synthesis method, descriptive, comparative, comparative historical, ethnolinguistic and component analysis are used.

Results of the research and scientific novelty:

- for the first time, the agricultural vocabulary of the Kyrgyz and Turkish languages in a comparative historical aspect are selected as the object of study;
- The linguistic nature of professional vocabulary in the Kyrgyz and Turkish languages is revealed;
- distribution into the lexical-semantic groups of agricultural vocabulary in the Kyrgyz and Turkish languages are made;
- the formation of lexical units with productive and unproductive grammatical forms are analyzed;
- the historical evolution of agricultural terms in the comparative languages is considered.

Sphere of application: The scope of the research results can be used on historical lexicology, dialectology and historical morphology of the Kyrgyz, Turkish and other Turkic languages. In particular, it can be recommended as additional material in theoretical and practical courses, such as "History of the Kyrgyz language", "Comparative lexicology of the Turkic languages", and "Comparative historical grammar of the Turkic languages" in the departments of Turkology and Philology.

Басууга 28.12.2019-ж. кол коюлду
Өлчөмү 60х84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 50.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com